УДК 371.78
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-390-395

**КАРАШАКИЕВА Н.О.**
Б. Осмонов атындагы ЖАМУ
**КАРАШАКИЕВА Н.О.**
ЖАГУ имени Б. Осмонова
**KARASHAKIEVA N.O.**
JAMU named after B.Osmonov

# МИГРАНТТАРДЫН БАЛДАРЫНЫН УЧУРДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК АБАЛЫ ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨРҮ

## СОВРЕМЕННОЕ СОЦИАЛЬНО-ПСИХОЛОГИЧЕСКОЕ СОСТОЯНИЕ И ПРОБЛЕМЫ ДЕТЕЙ МИГРАНТОВ

## THE CURRENT SOCIO-PSYCHOLOGICAL STATE AND PROBLEMS OF MIGRANT CHILDREN

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада жашоонун, турмуштун көйгөйлөрүн жакшыртууда сырткы миграциянын агымында арга жоктон үй-бүлөсүн багууда, каржылык маселелерди чечүүдө өз балдарын тууган, туушкандарына таштап кетип, балдардын бүгүнкү күндөгү абалдары жөнүндө айтылат. Балдарга учурунда адеп-ахлактык таалим – тарбия берилбей жатканы белгиленет. Балдардын өмүрү, келечеги, ишеничи коркунучта экендиги көрсөтүлүп жазылат.

**Аннотация:** В этой статье расскрывается сегодняшнее положение детей мигрантов, которые в потоке внешней миграции, решая финансовые вопросы, оставляют своих детей на попечение родственников. Показано, как осуществляется нравственное воспитание детей во время обучения. Подчеркивается, что на карту поставлены жизнь и будущее этих детей.

**Abstract*:*** This article tells about the current situation of children who, unable to cope with the flow of external migration, solving financial issues, leave their children in the care of relatives. Moral education of children during their studies. It is indicated and recorded that the life, future, and trust of children are at stake.

**Негизги сөздөр:** эл; коом; ата; эне; бала; тарбия; миграция; акча; турмуш; жашоо; тууган; мектеп; мугалим.

**Ключевые слова*:*** люди; общество; отец; мать; ребенок; воспитание; миграция; деньги; жизнь; родственник; школа; учитель.

**Keywords:** people; society; father; mother; child; upbringing; migration; money; life; relative; school; teacher.

Бала төрөлгөндөн баштап эле социалдык мамилелер дүйнөсүнө – адам мамилелерине туш келет. Ар бир адам өз ролун аткарат: дос, кошуна, шаар жашоочусу ж.б. Бул ролдорду өздөштүрүү менен адам социализацияланат, инсан болуп калыптанат. Негизи эле азыркы коомдогу актуалдуу маселелер, жаңылыктар, маалыматтар,окуялардын эң көйгөйлүүсү бала тарбиялоо, мигранттын балдары же кароосуз калган балдардын абалы жөнүндөгү көйгөйлүү маселелер. Жүз миңдеген ата-энелер жумуш издеп чет өлкөлөргө саны арбыбай агылып барууда. Жакырчылыктан улам өсүп жаткан мигранттардын санын өсүү деңгээли ички жана тышкы эмгек миграциясын пайда кылгандыктан кароосуз калган балдардын саны өсүп келүүдө. Балдардын саламаттыгы, коопсуздугу оор көйгөйгө айланып келүүдө.

Экономиканын динамикалуу өнүгүшү глобалдык, улуттук жана региондук рыноктордо атаандаштыктын өсүшүнө, квалификациясыз жана аз квалификациялуу эмгек чөйрөсүнүн кыскарышына, иш менен камсыз кылуу структурасындагы терең өзгөрүүлөргө алып келет, бул өз кезегинде кызматкерлердин кесиптик квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоого, алардын кесиптик мобилдүүлүгүнүн өсүшүнө болгон муктаждыгын аныктайт. Экономиканын негизги кыймылдаткыч күчү болуп жаткан маалымат жана билим бүгүнкү күндө барган сайын

өндүрүш ресурсуна айланууда. Бул азыркы коомдун өнүгүшүнүн жаңы постиндустриалдык [1], маалыматтык коомго өтүү этабын мүнөздөйт [2].

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматтарына ылайык, текшерүүгө алынган 192 миң үй-бүлөнүн ичинен 72 миң бала кароосуз калтырылган [3]. Ата-энеси чет жакка иш издеп кеткенден кийин балдар адатта туугандарынын колунда калышат. Көп учурда чоң-ата чоң-эне, таене, таятасы, тай акесинин карамагында калып, балдарга жеткиликтүү мээрим, таалим-тарбия, билим жана башка көптөгөн социалдык-психологиялык мамилелер берилбей калып жатканы аябай өкүндүрөт [4].

Турмуш-тиричилигимди жакшыртайын, элден кем калбай жашайын, насыяларды жабайын, алган карыздарды төлөйүн, той берейин, чоң үй салайын деген күнүмдүк турмуштун түгөнбөгөн түйшүгү ар бир кыргыз жарандарыбыздын көйгөйлүү оор маселелерибойдон калууда. Жаш, кары дебей тышкы миграцияга агылган жарандарыбыздын санын күн санап көбөйтүүдө. Жумушсуздуктан улам ар бир экинчи үй-бүлө өз оокаттарын жакшыртуу максатында тышкы жана ички миграциянын кулу болуп келүүдө жана ушуга окшогон көйгөйлөр элибиздин шайын кетирип, бир канча ой-максат, проблеммалар менен тышкы миграциянын агымында чет жакка агылып баратат. Бүгүнкү күндөгү абалыбыз ар бир кыргыз атуулунун түгөнбөгөн түйшүктүү санаасы болуп калууда. Кыргыз эли мал багып, дыйканчылык кылып, өз жанын өзү багып, көр тириликтин оокатын улап келген. Албетте бул доор өттү бирок азыркы жашап жаткан доорубуздун абалы жаман эмес же жакшы деп да айтууга оозубуз анча барбай тургансып турат. Бааарына шүгүр! Каниет, топук кылып жашап келе жаткан элибиздин да саны арбын. Миграциянын агымында агып, көксөгөн ой-максаттардын ишке ашып, жашоо-турмуштун жакшырып, эл арасында башты көтөрүп, өз кызыкчылыгы үчүн кам көрүп, ылайыктуу үй-жайынын оңолуп калуусун көксөгөн элибиздин турмуштук жолдору жакшырып, мамлекет үчүн өз салымын кошуп, үй-бүлөлүк чакан мамлекети жакшырган абалдары бизди сүйүндүрөт. Канткенде балдарга адеп-ахлактуу тарбия берип, мамлекеттибизге чоң пайдасы тие турган эр азаматтарды тарбиялап, өстүрүп, инсандык парздарыбызды атакара алабыз деген суроо жаралат. Кыргызстанда же бүтүндөй эле замандын агымында агып келе жаткан жаштардын бүгүнкү күндөгү абалы, жашоо шарты, майда барат көйгөйлөрү жеке үй-бүлөлүк жагдайлары жеткиликтүү эмес абалда калууда. Ошол эле учурда эне-атасы өз туугандарына же чоңоюп калган балдарына кичине балдарын таштап кеткен учурларда балдардын куурсагы тойбой, чала тоюттан жаш балдарыбыздын өмүрү өлүм менен аяктаган окуяларда катталууда. Албетте мындай окуялардын билинип, угулганын гана билип айтып, чыгарып атабыз, көмүскөдө көрүнбөй билинбей балдар кыштын суук күндөрүндө көлчөлөргө барып балык кармайбыз же муз тебебиз деп чөгүп, аягы өлүм коштолгон окуялар да жаңы эле катталып,бүтүндөй кыргыз журтчулугунун жүрөгүн оорутуп,көңүлүн сыздатпай койгон жок. Мындай окуялар кыргыз элинин жүзүнө чүркөө болуп жатканы өкүнүчтүү көрүнүш. Мигранттар өз балдарын өз жакындарына таштоого аргасыз болуу менен балдардын келечегине болгон ишеничин, үмүтүн, билимин, тарбиясын, мээримге толгон сүйүүсүн өз учурунда бере албай, балдардын келечегине болгон эң чоң ишеничин талкалап жатышканы кейитет. Мигранттардын балдары көп учурда кароосуз калып,зомбулукка, кириптер болгон мисалдар арбын. Ата-энесин узак мөөнөткө көрбөгөн балдарда психологиялык жана социалдык көйгөйлөрү пайда болуп, кусалыктан ар кандай оорууларга чалдыгып ден соолуктарына зыян келтирүүдө. Мигранттардын балдары өз учурунда тамак ичпей, оор жумуштарды жасап, үй-оокаттары менен алек балуп, мектепке да барбай калышат. Балдардын кызыкчылыгы менен эсептешпей турмуштун түйшүктүү көйгөйлөрү, оор кырдаалында бала менен чогуу жашап, аларга кам көрүүдө ата-энелер өз милдеттерин аткарууда аксап келүүдө. Туугандарына түртө салып кетип, келбей койгон жарандарыбыздын бүгүнкү күндөгү абалы өтө өкүндүрөт. Аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн балдары же жетишпеген турмуштук көйгөлөр чоң адамды эмес, жаш балдардын да аң-сезиминин өсүүсүнө зыянын тийгизип, коомго терс таасирин көрсөтүп келүүдө. Эркек балдар өспүрүм учурда чылым чегип, ичимдик ичип, терс көрүнүштөрдү жасап, айланасындагы тарбиясы мыкты балдарга да зыянын тийгизбей койгон жок. Бала тарбиясында эне милдети, ата милдети дегенди жана алардын мааниси деген маселелер мигранттын оюна келеби деген суроо пайда болот.

Албетте баланы жараткандан кийин анын ден соолугун, чоңоюусун, кийимин жана башка алдыңкы көйгөйлөрүнө көңүл бурабыз бирок анын түпкү маңызына көңүл бурбай коюп жатабыз. Балдарга тарбия берүүдө сырткы факторлорду мисал келтирип айтсак ата-эне балдарга өз бир туугандары, туугандары, чоң ата, чоң энелери жөнүндө жакындык же туугандык мамилелердин

баарын түшүндүрүп айтып берип жатат бул сырткы факторго кирип, балдарга кандайча таасирин тийгизет же тийгизбейт деген маселелер бул сабатсыздык деп түшүнүүгө болот.

Педагог деген өзү ким жана анын аткарган кызматы кандай? Педагог бул мугалим, тарбиячы,окутуучу деп түшүнөбүз. Мугалим бул үйрөтүүчү,окутуучу сабактын темасын түшүндүрүүчү, коомдун үлгүсү, жол көрсөтүүчү! Негизги педагог бул ким анда? Педагог деген бул жетелеп жүрүүчү, анын ичинде чоң эне, чоң ата, таене, таята ата, эне, бир туугандары мына ошолордун баарысы педагогдун түпкү милдетин бала аң-сезими жетилип, түшүнгүчө жетелеп, тарбия берүүчү инсандар! Аң-сезими жетилип, аңдап билген инсан бул педагог, ал өз мойнунан бул милдетти алып кое албайт жана өмүр бою аткарууга милдеттүү. Азыркы күндө балдар стресс, депреция, эмоция, агрециялык терс абалдары коомго жайылтууда. Ушул учурда балдарга кандай тарбия же ыкмаларды колдонуп, ата-энелер түпкү милдетин баланы какпай, урбай, урушпай туура түшүндүрүү менен көйгөйлөрдү чечүү жолдорун көрсөтүүсү зарыл. Эгер балага терс мамиле жасала турган болсо анда эне-аталар өздөрүнүн алсыз жактарын көрсөтөт. Баланы ынандыруунун жолдорун же түшүндүрүп айтуунун жолдорун билишпегендиктен, кайдыгерлик көз караштабыз. Ур-токмок, мээримсиз мамиле, кайдыгерлик көңүл буруу сезимдери эч качан балага боорукерлик, адептүүлүк, ыймандуулук мамиле, мээримдүүлүк сезимдер балада пайда болбойт, жашоодо да тастыкталып, практикада көрүп эле келе жаткан нерселер, мээримсиз балдар кайсы жактан чыкты? эмне үчүн ууру болуп чыкты? эмне үчүн зөөкүр болду ? деген изилдөөлөрдү караганда төрөлгөндөн баштап, кандай өстү ал бала, кандай кырдаалада, кайсы чөйрөдө өттү, кантип чоңойду ошондон кийин гана тастыкталган эненин сүтүн эмбеген, эне мээримин көрбөгөн деп тастыкталып, так таамай көрсөтүлуп келе жатат мындай окуялар турмушта да кино фильмдерден да көрүп, угуп, туюп эле жүрөбүз. Эненин сүтүндө балага берилүүчү көп деген азык заттар, витаминдер мээсине таасирин тийгизе турган анын өнүгүп, өсүүсүнө түздөн түз таасирин берип, эң негизгиси баланын мээримдүүлүгүн өнүктүүрүүсүндө сүттүн таасири эң зор күч пайда бергендигин тастыктап, далилдеп турат. Балам жакшы, таалим-тарбиялуу билимдүү, мээримдүү болсун десек, эне баласын эрезеге жеткиче өз мээримин төгүп, кам көрүп, эне өзү тарбиялап өстүрсө анда мыкты уул, мыкты кыз чоңотуубуздан шек жок [5].

Кыргыз элинин ар бир макалы турмуштук сабактарды тастыктап көрсөтүп турат. Аялды башынан, баланы жашынан деп бекеринен айтпаган чыгаар, түйүлдүк болгондон баштап, эненин курасында бала тарбияланса эрезеге жеткиче ата-энеси менен чогуу чоңойсо,баардык бала үчүн камкордук каралса анда ар бир ата-эне өз милдетин мыкты аткарды деп айтар элек. Азыркы жашообуздагы абалыбыз акча табуу, карьера, бизнес жасоо деген жеке ойлор ар бир кыргыз атуулунун өздүк милдетине айланды десем жаңылышпайм! Бала багыш керек, үй-бүлөнү камсыз кылып, элче жашаш керек деген толгон токой проблемалар менен алекпиз. Балдарыбызды бала бакчага, бала кароочуга же жакын туугандарга таштап, баланын жеке ою менен эсептешпей турмуштун бүтпөгөн көйгөйлөрү менен алаксыйбыз. Ушул болуп жаткан глобалдуу көйгөйлөр балдардын психологиясына кандай таасирин тийгизет,баланын өсүп-өнүгүүсүнө кайдыгерлик мамиле жасообуз нормалдуу эле көрүнүшпү деген суроо ар бирибиздин оюбузга келе турчу маселе болуп бараткансыйт. Инсан, адам өлбөс үчүн жан багуу үчүн турмуштун кандай гана кырдаалы болбосун өз ырыскысын издеп,таап жегенге аракет жасайт.Бирок балабызга тарбия берүүдө кечигип, өз учурунда бере албай калып жатканыбыз жүрөгүбүздү оорутуп ,өкүндүрөт. Баланы эне тарбиялап,үй-бүлөнүн шартында туура кам көрүп, өз учурунда таалим-тарбия берип, мектепке жөнөтүп, мээримин берип, коомго аралаштырып, аны инсанга айландырууда өбөлгө болуучу эне. Бирок ошол эле учурда үй-бүлөлүк бюджеттин жетишпестиги энелерди да иштөөгө мажбур кылып келүүдө, айла жок иштеш керек, бала багып, кийинип, ичиндириш керек деген майда барат көйгөлөр үй-бүлөнүн шайын кетирип, ар кандай иштерде иштөөгө мажбурлайт. Ата-эненин бала үчүн жасаган эмгеги эбегейсиз ошого карабастан баланын өсүп-өнүгүүсүндө балдарды жетимсиретпей,өз мээримибизден алыстатпай,балдарга ата-энелик тарбиябызды өз учурунда берип, жашоодогу иреттүүлүктү ордуна коюп, коломтонун ээси болгон эне өз милдетин туура аткарып, бүгүнкү күндөгү келечек жаш муундарга жакшы таалим-тарбия берип,тарбия тактикасында энелерди окуутуубузду ачып, көрсөтүүбүз зарыл. Сабатсыз эне эч качан балага өз таалим-тарбия, таасирин бере албайт. Баланы тарбиялоодо эне өзү илимдүү, билимдүү болуусу абзел себеби; баланын келечегин көктөтүп, өстүрүүдө аны сындырып жок кылууда бул энелерден көз каранды [6].

Сырткы миграциянын таасиринде чоңойгон балдардын психологиясы сагынычтан улам ар кандай жагымсыз окуяларга, туура эмес көрүнүштөргө дуушар блуудa.Эртеңки күнгө болгон

келечек бүгүнкү күндө коркунуч туудурат. Көпчүлүк мектептерде ар бир класста жок эле дегенде 5-6 баланын эне-атасы сырткы миграцияда эмгектенип, үй-бүлөсүн багууда. Ата-энени көрбөсө,баарлашып сүйлөшпөсө, маңдай-тескей отуруп, тамактанбаса, эне-атасынын жытын искеп, мээримине тойбосо, өз көйгөлөрүн айтпаса анда кимден сурайт. Чоң ата,чоң эненин колунда калган балдар болсо анда бул балдар бактылуу балдар! Аке, эже, синди, жеңесинин үйүндө өздөрүнүн балдары бар, алар өз балдарын эркелетип, жумшак сүйлөгөндө балдырдын абалы кандай болот, муну менен ким эсептешип, ким ойлонду? Балдар абдан куса болот, кайгырат, көөдөнүндө кандай деген суроолор пайда болот мунун баарын ким ойлойт? Мындай балдардын жан дүйнөсү жабыркап, мээрим менен сүйүүгө суусап, кыйналып, окууга болгон кызыгуулары же кандайдыр бир жөнөкөй нерселеге да көңүлсүз карап, жашоонун кереметтин жаштайынан сезбей, азаптуу жашоону баштан өткөрөт. Бүгүнкү турмуштун кырдаалын эч качан жокко чыгарууга мүмкүн болбой турган кырдаал болуп калууда ошол үчүн балдардын келечегине балта чаппай, өз учурунда кечикпей, балдардын көзүн жалдыратпай, башка бирөөнүн босогосун сагалатпай, мээримге, кусалыкка, зарлатпай, кайдигерлик мамилеге таштабай, балдардын жан-дүйнөсүн ташбоорлук сезимге айлантпай керек учурунда өз балабызды өз боор-этибизге кысып, суу ичсек дагы балдарыбыздын маңдайында жараткан берген ырыскыны таап жеп тарбия ишин, өз милдеттерибизди мен ата-энемин деген жарандарыбыз кечигип болсо да сезсе,туйса дейли. Айла жоктон турмуштун оор кырдалынан улам өз Мекенинен сырткы миграциянын кулу болуп жумуш издеп, бала багайын, тиричилик кылайын деп, жыргаганына кетпеген ата –энелер, мигранттар өз милдетибизди сезип, өз Мекенибизге кайтып келип, балдарыбыздын жан дүнөсүн оорутпай таалим-тарбия берип,буйруган ырыскыбызды терип жесек! Кайсы жерге барбагыла! Мамайдын көрү деген элдик оозеки сөздүн таасири мына ушунда жаткансыйт. Акча таап, которуп койдум баламдын курсагы ток, кийими бүтүн, жылуу үйдө отурат деген менен балдарга мээримибизди бере албай жатабыз. Балдардын көксөөсү ата-энем жанымда болсо, мага башка эч нерсенин кереги жок эле деген ойлорун айтып, сагыныч,кусалыктарын көздөрүнөн көрүүгө болот. Балдар кусалыктан ооруп, арга жок ошол абалга көнүп, мээримдүүлүк, боорукерлик касиеттерди жоготуп, эне-атасын сагынбай өзүмчүлдүк, мээрездик сезимдер менен жашай баштайт. Бул кырдаалда ата-энелер өз балдарындагы өзгөрүүлөрдү байкабай балдардын кыял жоруктарын, жүрүм-турум, өсүү процесстериндеги өзгөрүүлөрдү түшүнүшпөй психолог врачтарга кайрылышууда. Учурдагы масштабдуу, глобалдуу маселелерибиздин көйгөлүүсү бала тарбиясы жана бала тарбиясынын ичиндеги гаджет, телефон жана баламды кантип гаджеттерден алыстатам же билимге болгон кызыгуусун канткенде өстүрүп, өрчүтө алам деген эң чоң көйгөйлүү маселелер кабыргасынан коюлуп жатат. Ушул заманбап жашоонун агымында балдарызга гаджеттерди колдонууда чектөөлөрдү киргизишибиз керекпи же колдошубуз керекпи деген суроолор жаралбай койбойт. Албетте жаңы технологиянын агымына кошо агып, адамдын муктаждыктары ошол технологиялардын пайдасы аркылуу ири жана чоң жумуштарды бүтүрүп келгени да жаман эмес [7].

Илимпоздор, окумуштуулар тарабынан телефондун зыяндуулугу жөнүндөгү маалыматтарды угуп, туюп эле келебиз. Мында алты жаштагы же башталгыч класстын окуучулар үчүн телефонду 15 мүнөт гана көрүүгө болорун сунушташат.Түстүү телевизор, телефон, кино, мильтфильмдерди 15 мүнөттөн ашык көрүү түздөн түз мээге терс таасир тийгизип, балдардын ден соолугуна зыяндуулугун тийгизип келүүдө. Бул доор билимдүүлөрдүн, окумуштуулардын доору деп илимпоздор айтып кеткен андыктан балага туура таалим-тарбия берүүдө эң алгач энелерди окутуп, билимдүү кылып, андан соң бала тарбиясын колго алсак. Кыргызстандын келекчеги бүгүнкү күндүн келечек муунадарынын өсүп, өнүгүп, жетилүүсүндө, өсүп келе жаткан үмүткөрлөрүбүз, уул, кыздарыбыздын ишеничин актап, сырткы миграциянын санын азайтып, баарына топук кылып, балдарыбыздын келечи үчүн өз Мекенибизде эмгектенип, кызмат өтөп, адеп-ахлактуу таалим-тарбия берип, ден соолугун, келечегин, ишеничин, билимин өстүрүүдө ар бир ата-эне өз милдеттерин туура аткарса ! Сен төрөп чоңойтуп жаткан балага сенчелик эч ким,эч качан тарбия бере албайт жана да бербейт! Таенем май берип чоңойтуп, бакса дагы энемдин суу бергенчелигине барабар болгон жок; деген ой-санаасына айланбайлычы урматтуу эне-аталар!Бала кайсы жерде, кандай үйдө чоңоет ал эненин жоопкерчилиги, аталардын милдети үй-бүлөсүн багыш, камсыздаш, колдош. Атанын жүрүм-туруму, эненин жасаган мамилеси, аткарган иштерибиз менен өз балдарыбызга үлгү бололу урамттуу эне-аталар.Ошондуктан баланы тарбиялоодо өзүбүздү тарбиялап, өз кемчилик, жетишкендиктерибизди сезе билсек, мыкты ата-эне

болобузго деген терең ишеничтемин! Мен киммин, мен эмнеге жаралдым, милдеттим, максатым эмне, кандай жумуштарды жасашым керек деген суроолорду бере билгенди билсек [8].

Ата-энелер балдарын бала кезинен баштап жогорку билимсиз жашоодо эч нерсеге жетише албайсың деген ойду таңуулашат, бирок тарыхта жогорку билими жок адамдар көрүнүктүү ишкерлер, бизнесмендер, илимпоздор жана башка илим, искусство, саясат жана башка ишмерлер болуп чыгышкан көптөгөн мисалдар бар. О.э. социалдык тармактардын дүркүрөп өсүшүнө байланыштуу балдар интернет тармактарынан көптөгөн маалыматтарды алышып, көпчүлүк адамдар, эреже катары, окууну аяктагандан кийин өз адистиги боюнча иштебей жүргөндүгүн угушат [9].

**Корутунду:** Адам деген ким ? Адам деген чоң аалам, ааламдын кемчиликтерин түгөлдөгөн адам экенин сезе билсек! Ар бирибиздин көөдөнүбүздө кан жаныбыздан жаралган балдарыбыз баатыр, эр жүрөк, эл сыйлаган эл адамы болсо экен деген изги тилектерибиз бар. Андыктан жаш, болочокто эне болуунун алдында турган жана бүгүнкү жаш муундарды өстүрүп, тарбиялап келе жаткан энелер! Балдарыңарды өзүңөр гана карап, тарбиялап, башка бөлөк, туугандарга таштабай, балдардын жан дүйнөсүн караңгылатпай аз болсо да өз тажрыйбаларыңарды көбөйтүп аны байытып, балдарыңардын адеп-ахлактуулук тарбиясында, жүрүм-турумунда, өсүп жетилүүсүндө өзүңөр гана аң-сезимдик азык бере аласыздар! Эне ички тон, ата сырты тон деген улуу сөздө көрсөтүлгөндөй ички билим, ички маданият, ички адамкерчилик мамилелердин баарын эне көзөмөлдөп, таалим-тарбиясын берип келген. Демек бүгүн өзгөр, максат кой, умтул, балага болгон ишенимди күчөт, канткенде жакшы апа, эне боло алам деген ой,сезим ар бир эненин жүрөгүнүн түпкүрүндө жашашы зарыл. Өзү жана баласы үчүн илим-билимди тереңдеп, изилдеп окуп, үйрөнүүдө өзүнүн энелик милдеттерин өстүрө турган китептерди көп окуп, алектенүүсү абзел.Өзүң жана балаң үчүн жашоонун жаркын барактарын бүгүн баштап, келечек муундарды тарбиялоо жаңы ачылыштарды, кадамдарды мына бүгүндөн азыркы учурдан баштайлы. Мээридүү, назик, апалар! Билимдүү энеден, билимдүү бала тарбияланат андыктан келечек муундарыбыздын тагдырын бийик көтөрүп, өз учурунан кеч калбай таалим-тарбиябызды берип чоңойтолу. Бүгүнкү наристелер, эртең чоң инсан болоруна ишеничибиз зор!

### Колдонулган адабияттар

1. Белл Д. Грядущее постиндустриальное общество: пер. с англ. – Москва: Академия, 1999.
2. Калдыбаева А.Т., Сулайманова Р.Т. Кыргызстандагы заманбап билим берүүнүн тенденциялары жана көйгөйлөрү // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2023, №2 (114), 43-50-бб. DOI 10.58649/1694-8033.
3. Мигранттардын балдары. – Режим доступа: https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ky/мигранттардын-балдары (дата обращения: 29.05.2024).
4. Психология труда: учебник и практикум для вузов / С.Ю. Манухина [и др.]; под общей редакцией С.Ю. Манухиной. – Москва: Изд-во Юрайт, 2024, 485 с. Режим доступа: https://urait.ru/bcode/536009 (дата обращения: 29.05.2024).
5. Балдарга кантип туура тарбия беребиз? “Балам”. – Режим доступа: https://www.youtube.com/watch?v=3xIJX5JV9uI
6. Колдошев М. Педагогика. – Ош, 2008, 308- б. – Режим доступа: https://www.okuma.kg/books.php?id=749(дата обращения: 29.05.2024).
7. Палагина Н.Н. Психология развития и возрастная психология: учебное пособие для вузов. – Москва: Московский психолого-социальный институт, 2005.
8. Жумалиева Ж.М., Кожогелдиева К.М. Куракты көнүгүү психологиясы: окуу куралы. – Бишкек, 2008.

Эгамбердиева А.А., Жылчиева Д.С. Мектеп бүтүрүүчөлөрүн жогорку билим алууга болгон кызыгуусун арттыруу // Вестник КНУ им.Ж. Баласагына, 2023, № 2(114), 72-77- б. DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-72-77.